DOI: 10.26104/NNTIK.2019.45.557

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, №2, 2019

## ФИЛОСОФИЯ ИЛИМДЕРИ
## ФИЛОСОФСКИЕ НАУКИ
## PHILOSOPHICAL SCIENCES

*Ашур уулу Б., Баймырзаева Б.*

# ЖАШТАР ЖАНА ИЛИМ

*Ашур уулу Б., Баймырзаева Б.*

# МОЛОДЕЖЬ И НАУКА

*Ashur uulu B., B. Baimyrzaeva*

# YOUTH AND SCIENCE

*УДК: 903,15+172.15*

*Бул макалада бүгүнкү күндөгү жаштардын илим чөйрөсүндөгү, ролу жана орду илимий анализге алынды. Илимий изилдөөгө ылайык, жаштардын илим чөйрөсүндөгү орду чоң болгондугуна карабастан, илимге тартылуу, аракеттенүү багыты өтө алсыз экени белгиленди. Анткени анын негизги себептеринин бири катары материалдык-техникалык камсыздоонун алсыздыгы, илим изилдөөгө ылайык шарттын каралбагандыгы, айлык-акынын аздыгы жана келечектүү ишенимдин аздыгы. Ошого карабастан жаштардын азыраак бөлүгү илим менен алектенээри бул макалада белгиленди. Ошондой эле жаштардын илим чөйрөсүнөн алыстоосу тууралуу көйгөйлөр бир эле Кыргызстанда эле эмес дүйнөлүк коомчулуктун көйгөйү экендиги изилдөөнүн жүрүшүнөн белгилүү болду. Жыйынтыгында жаштарды илимге тартуу аракеттерин күчөтүү, илимий долбоорлор менен алектенүүсүнө шарттарды жаратуу, илимий кеңешчилердин иштиктүү аракеттерин пайдалануу жана алар менен тыгыз байланышта иш алып баруу сунуштары берилди.*

***Негизги сөздөр:*** *жаштар, идея, илим, илимпоз, коомдун келечеги, билим, жаштар саясаты, инсан, адам, аң-сезим.*

*В данной статье предложена попытка описать место молодежи в сфере науки. В данной статье уточнена социально-экономическое положение и сущность понятия «молодежь» на философской основе. Систематизированы и дополнены классификационные признаки молодежи как субъекта труда с учетом отечественного и европейского опыта. Принято считать, что современная молодежь не стремится работать в науке. Именно в этой статье даны анализ почему молодежь не идет в науку. При исследованиях было известно, что молодежь не занимается наукой из за слабой материально-технической базы, маленькой заработной платы и они считают что это не перспективно. При рассмотрении различных подходов дается определение места и роли молодежи в науке в реальности и в современной жизни. А также представлены результаты опроса в повседневной жизни современной молодежи.*

***Ключевые слова:*** *молодежь, идея, наука, ученый, перспективы общества, знания, молодежная политика, личность, человек, сознания.*

*This article proposed an attempt to describe the place of youth in the field of science.*

*This article clarifies the socio-economic situation and the essence of the concept of "youth" on a philosophical basis. Systematized and supplemented the classification signs of youth as a subject of labor, taking into account domestic and European experience. It is considered that modern youth does not want to work in science. Exactly in this article is given the analysis of why young people do not go to science. During the research it was known that young people are not engaged in science because of a weak material and technical base, a small salary, and they believe that this is not promising. While considering the various approaches, there was given the definition of the place and the role of young people in science in reality and in modern life. And also presents the results of the survey in the daily life of today's youth.*

***Key words:*** *youth, idea, science, scientist, society perspectives, knowledge, youth policy, personality, person, consciousness.*

Бул илимий макаланы даярдоого коомчулукта кездешкен көрүнүштөр түрткү болду. Анткени, бүгүнкү чөйрөдөгү жаштардын аракеттери, багыттары, кесип тандоолору, кызыкчылыктары бизди ойго сала баштады. Жакшылап анализдеп көрсөк, базар экономикасынын шартына ылайыкташып, ар бир кесип ардактуу деген принцип өз ордун башка кызыкчылыктарга бошоткон сыяктуудай. Жаштар ардактуу кесиптин ээси болуу мындай турсун, ал жөнүндө ойлонууну да четке каккандай. Жаштардын дээрлик көпчүлүк бөлүгү техника жана технологиянын жетишкендиктерине көз каранды

DOI: 10.26104/NNTIK.2019.45.557



болуп, өз алдынча ой жүгүртүү, анализ жасоо, илим менен алектенүү, пайдалуу иш жасоо, салтты сыйлоо сыяктуу зарылдыктарды унутта калтырышууда десек жаңылбайбыз. Жаштардын мындай багытка бурулуусу өлкөнүн келечеги үчүн өтө коркунучтуу экендиги талашсыз чындык. Ошондуктан, жаштарды терең билим алууга тартуу, менталитетке таандык зарылдыктар менен кабардар кылуу, айрыкча илим чөйрөсүнө аралаштыруу маселеси бүгүнкү күндүн өтө орчундуу темаларынан деп ойлойбуз. Анткени, коомдо кездешкен көйгөйлүү маселелер илимий изилдөөнү талап кылаары талашсыз чындык. Айрыкча ааламдашуу жараяны күч алып турган мезгилде өз заманына жараша көйгөйлүү көрүнүштөр да кошо жарала берет көрүнөт. Анткени бүгүнкү күндө мындай жагдайлар өтө көп кездешкендиктен, чечүү маселеси да коомдук зарылдыктарга айланууда.

Мындай маселелердин бири жаштар маселеси жана алардын илим мейкиндигиндеги орду. Жаштар коомдун келечеги жана кыймылдаткыч күчү экендиги баарыбызга белгилүү. Дүйнөлүк цивилизация жогорулаган сайын, андагы адамдын, айрыкча жаштардын ролу да жогорулаары белгилүү. Бирок илимий-техникалык революциянын жогорулоосу жаштарга оң жана терс багыттары менен таасир этүүдө. Илим деген эмне?, келечектеги орду кандай? – деген сыяктуу суроолор адамзатты дайыма эле түйшөлтүп келет. Ошого жараша илим темасына берилген аныктамалардын саны да арбын экендиги жалпыга белгилүү. Айрыкча бүгүнкү техника жана технологиянын жетишкендиги ар кандай терминдин чечмеленүү маанисин тез табууга көмөктөш болгон заманда, биз да интернет маалыматтарынан мисал келтире кетели: «Илим – курчап турган дүйнөдөгү мыйзам ченемдүүлүктөрдүн коомдук аң-сезимде чагылдырылышы» [1] катары берилген аныктама менен ынанууга болот. Анткени, коомдун талабын алдын-ала чечмелөө менен, адамзаттын келечегин адашпас жолго багыттоо менен бирге, коомдогу зарыл көйгөйлөрдү илимий аспектиде анализдейт. Ошондуктан коомдо илимдин түбү терең океан экендиги, казса көбөйө турган көрүнүш экендиги, коомдогу зарылдык экендиги окмуштуулар тарабынан көп эле айтылып келет. Демек, коомубуз үчүн, жалпы адамзат үчүн зарылдык болуп саналган илим чөйрөсүн кеңейтүү да бүгүнкү күндүн зарыл маселеси экендиги талашсыз. Ошондуктан мамлекетте илим саясатына көңүл буруу зарылдыгын белгилей кетмекчибиз. Мына ошондо гана жаштарды илим чөйрөсүнө кеңир тартуунун жолдору, усулдары иштелип чыкмак. Ошондой эле илим багытында бир канча ийгиликтер жаралмак.

Ал эми илим чөйрөсүндөгү жаштардын орду кандай? Бир мезгилде сабатсыздыкты жоюу, агартуучулукту жайылтуу аракеттерин ишке ашырган [4.80] элдин уулдары жана кыздары эмне үчүн бүгүнкү күндө илим чөйрөсүнөн алыстоодо? Мындай суроолор байыртадан эле коюлуп келгендиги коомчулукка маалым. Анын жообун ошол доордогу эл акылмандары өз алдынча чечмелешип, урпактарын татыктуу тарбиялашкан. Маселен, өз доорунун көрүнүктүү инсаны М. Кашкаринин бул багыттагы пикирин окмуштуу Г.Т. Токтогулова «Билимдүү аалымдын жардамы менен гана келечек муундар көрүнүктүү иштерди аткара алышат, коомго пайда келтирет, келечек муунду тарбиялайт» - дегендигин белгилейт [5.194].

Илим чөйрөсүндөгү жаштардын орду жөнүндөгү маселе бир эле Кыргызстанда эле эмес, дүйнөлүк коомчулуктагы көйгөйлүү маселе экендиги айтылып келет. Окмуштуу А.Карпов: «Илим жана жаштар көйгөйлөрү – бул бир эле Россиянын көйгөйү эмес. Биз сыяктуу эле башка өнүккөн Европа өлкөлөрүндө жаштардын илим чөйрөсүнө тартылуусу, илимге болгон кызыгуусу төмөндөп бараткандыгы байкалат» – деп окмуштуу катары тынчсыздануусунун жүйөлүү себептери бар [2.46]. Анткени бул маселе дүйнөлүк коомчулукту ойго салып, он беш мамлекет катышкан мейкиндикте социологиялык изилдөөлөр жүргүзүлүп, бир катар илимий сунуштар берилген. Ошол жүргүзүлгөн изилдөөлөрдөн белгилүү болгондой, жаштардын илимге болгон кызыгуусунун динамикасы төмөнкү көрсөткүчтү берип, анын себептери катары, материалдык-техникалык абалдын көңүл сыртында калуусу, илимге болгон кызыгуунун төмөндөөсү, айлык-акынын аздыгы, илим саясатынын алсызданышы [3. 43-44] сыяктуу себептер көрсөтүлгөн.

Ушундай эле изилдөөгө Россия да катышып, жыйынтыгында орус элиндеги жаштардын илимге тартылуусунун бир катар көйгөйлөрү белгиленген. Анын себептери катары айлык-акынын аздыгы, кээ бир илимий багыттагы техникалык жабдуулардын эскилиги, илим жаатына болгон көңүл коштук сыяктуу көрүнүштөрдү негиз катары көрсөтүшкөн. Мындай жагдайлар-

DOI: 10.26104/NNTIK.2019.45.557



дан чыгуу максатында Болон окутуу системасына ылайык, илимий мобилдүүлүк жобосу иштелип чыгып, көптөгөн өлкөлөр менен жаш окмуштууларды окутуу максатында 3 жылдык келишимдер түзүлгөн. Ошого карабастан бул мүмкүнчүлүктү да көптөгөн жаш окмуштуулар пайдаланбай келишет. Анын себеби катары турак-жай, тамак-аш, күнүмдүк керектөө жана эң негизгиси илимий каражаттарды сатып алуунун оордугун көрсөтүшкөн. Ал эми кээ бири түзүлгөн шартка ылайыкташып, илим чөйрөсүнө аралашууга аракеттенишкен. Бирок, алардын саны өтө чектелүү экендигин белгилеп кетүүгө болот. Ошого байланыштуу жаштардын илимге аралашуу, түздөн-түз тартылуу процессин жакшыртуу максатында Россия "Келечекке кадам" аталышында илимий-социалдык программа иштеп чыккан. Алгач бул программанын ишке ашуусу кыйынчылык жараткан, кийинчерээк колдоо таап, жаштардын көпчүлүк курамы тартылган. Бул кадам бир гана илим чөйрөсүн эмес, мектеп, коледж, техникум, жогорку окуу жайларын да камтыган. Илимдин динамикасын жогорулатуу жана жаштардын кеңири чөйрөсүн тартуу үчүн, эң негизги база катары мектеп жана окуу жайлар тураары эске алынган. Ошондуктан Россиядагы мындай кадам, жаштардын илим жаатына сүңгүп киришине кенен жол ачкан. Ошондой эле бир катар илимий изилдөөлөр ишке ашкандыгы да белгилүү. Дагы бир чет элдик окмуштуу А.Н. Кирюшиндин «Виртуалдуу реалдуулук: методологиялык салттар жана изилдөөнүн жаңычылдыгы» деген аталыштагы илимий макаласында берген пикирин сунуштай кетсек: «Виртуалдуу реалдуулукту изилдөө үчүн, постмодернистик, техникалык, онтологиялык, психологиялык жана башка толуктоочу негизги методологиялык багыттарды кароо керек. Ошондо гана жаштар жана илим багытындагы маселелерди илимий аспектиде чечмелейбиз» [3.75-80] – деген маанилүү сунушу менен макул болууга болот.

Ушундай кадамдарды алыс барбай биздин өлкө менен салыштырып карасак, Кыргызстанда да жаштар маселесине көңүл буруудa. Маселен жаштар саясаты деген аталыштагы долбоорлор ишке ашып, анын бир бөлүгү катары жаштардын илимдеги орду, келечеги тууралуу сөз болот. Бирок, мына ошол долбоорлордун өлкөнүн бардык аймагын камтыгандыгы, жыйынтыктуу ишке ашкандыгы байкалбайт. Айрыкча региондогу жаштар мындай маалыматтан четте калгандыгы жашоонун реалдуулугу десек жаңылбайбыз. Ошого карабастан, маалымат желелер, илимий жетекчилердин аракети менен бир катар жаштар илимге тартылып келишет.

Демек, жаштардын илим чөйрөсүндөгү абалына ар бир мамлекет өз алдынча, ошондой эле дүйнөлүк коомчулук да көз салып, өздөрүнүн алгылыктуу сунуштарын беришүүдө. Ошого карабастан, ошол эле мезгилде көйгөйлүү кыйынчылыктар жаралууда. Мындай көйгөйлөргө биринчиден, жогоруда айтылгандай өлкөдө жүргүзүлгөн саясаттын толук ишке ашпагандыгы, экинчиден, жаштардын басымдуу бөлүгү жаңы технологиянын жетишкендиктерин туура эмес пайдаланып, техникага көз каранды болуу менен билимге, илимге бөлүнүүчү убактысын пайдасыз өткөрүп жаткандыгы менен сыпатталат. Үчүнчүдөн, советтик мезгилдеги көздүү, күчтүү илимий жетекчилер бир жагынан карылык куракка жетишип, экинчи жагынан техниканын жетишкендигин пайдалана албоосу жаш илимпоздор жана жетекчилер ортосундагы ажырымды пайда кылууда. Ошого карабастан, коомдун келечеги болуп саналган жаштар, болгон аракетти жумшоо менен илимий чөйрөгө өз салымдарын кошуусу бүгүнкү коомдун зарылдыгы деп ойлойм.

**Адабияттар:**


1. https://ky.wikipedia.org/.
2. А. Карпов Молодежь в науке. Высшее образование в России №5, 2005, с.46.
3. Кирюшин А.Н. Виртуальная реальность: методологические традиции и инновации исследования. Вестник Военного университета, 2009. № 4 (20). С. 75-80.
4. Токтогулова Г.Т. Агартуучулуктун өнүгүшүнүн тарыхый жагдайлары. Журнал Наука новые технологии и инновации Кыргызстана №4, 2016,80-б.
5. Токтогулова Г.Т. Махмуд Кашкаринин чыгармаларындагы агартуучулук идеялар. Жур. Наука новые технологии и инновации Кыргызстана №4, 2015, 194-б.


**Рецензент: к.филос.н., доцент Токтогулова Г.Т.**